УДК 336.748

# INFLATION AND FISCAL POLICY IN KYRGYZSTAN

Prof., Dr. **Japarova Damira**, Kyrgyz-Turkish Manas University
<japarova@manas.edu.kg>
**Shabieva Nurjan**, doctoral student Kyrgyz-Turkish Manas University
<1450d03001@manas.edu.kg>

**Abstract**

Considering the rise prices for goods and services in Kyrgyzstan, due to along with monetary and non-monetary reasons, the role of fiscal policy in anti-inflationary policy is significant. The increase in prices for imported goods is due to the rise in prices for them in exporting countries. In this regard, anti-inflationary policy should include additional maneuvering of government spending and revenues. It should be noted that the growth of social benefits has a multiplier effect and such a policy is expected to have a positive impact on the economy. At the same time, new demand must be satisfied with domestically produced goods, that is, the opportunity to develop the republic's economy must not be missed. The article analyzes non-monetary factors of inflation and risks of budget deficit.

**Key words**: inflation, non-monetary factors of inflation, government budget, government spending.

# КЫРГЫЗСТАНДА ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА ФИСКАЛДЫК САЯСАТ

**Джапарова Дамира**, э.и. д., Кыргыз-Түрк Манас университетинин профессору
<damira.japarova@manas.edu.kg>
**Шабиева Нуржан**, Кыргыз-Түрк Манас Университетинин докторанты
<1450d03001@manas.edu.kg>

**Кыскача мүнөздөмө**

Кыргызстандагы инфляциянын структурасынын маанилүү бөлүгү монетардык эмес болгондуктан, импорттук товарлардын бааларынын артуусу инфляциондук жагдайды жаратууда. Инфляцияны ооздуктоодо жана инвестициянын булактарынын аздыгын жоюуда фискалдык саясаттын таасири кыйла чоң. Инфляциянын монетардык эмес факторлорунун түзүмү импорттолгон продукцияларга баалардын өсүшүнөн улам, негизинен импорттук инфляция менен чагылдырылган. Акчалай эмес инфляцияга каршы саясатта, мамлекеттик бюджеттин жөнгө салынышында, мамлекеттик чыгымдарды жана кирешелерди маневрлөө таасир бериши эсептелинет. Ошол эле учурда, социалдык төлөмдөрдүн артышы мультипликатордук эффектти ташыгандыктан, экономикага оң таасир алып келиши күтүлөт. Талаптын артышы өндүрүштү стимулдайт. Жаңы жаралган талаптын импорттук товарлар менен эмес улуттук товарлар менен камсыздоо аркылуу экономиканы өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо керек экендиги көрсөтүлөт. Бул макалада инфляцияга таасир этүүчү монетардык эмес факторлорду талдап, бюджеттик жетишсиздиктин негизинен инфляциялык тобокелдиктер жаралаарын карап чыгабыз.

**Негизги сөздор:** инфляция, монетардык эмес факторлор, импорттун структурасы, мамлекеттик бюджет, мамлекеттик чыгымдар.

# ИНФЛЯЦИЯ И ФИСКАЛЬНАЯ ПОЛИТИКА В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Джапарова Дамира**,
д.э.н., проф. Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
<damira.japarova@manas.edu.kg>
**Шабиева Нуржан**, докторант Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
<1450d03001@manas.edu.kg>

**Аннотация**

Если учесть, что рост цен на товары и услуги в Кыргызстане, наряду с монетарными, обусловлен и немонетарными причинами, то в антиинфляционной политике значительна роль фискальной

политики. Повышение цен на импортные товары прежде всего обусловлено ростом цен на них в странах-экспортерах. В этой связи антиинфляционная политика должна включать в себя дополнительное маневрирование государственными расходами и доходами. Следует учесть, что рост социальных выплат обладает эффектом мультипликатора, и от такой политики ожидается положительное влияние на экономику. Новый спрос при этом должен быть удовлетворен товарами отечественного производства, то есть нельзя упускать возможность развития экономики республики. В статье дается анализ немонетарных факторов инфляции, приводятся риски дефицита бюджета.

**Ключевые слова**: инфляция, немонетарные факторы инфляции, государственный бюджет, государственные расходы.

## 1. Киришүү

Кыргыз Республикасынын экономикасы эркин рыноктук экономикага өткөн күндөн тарта сырткы таасирлер астында өнүгүп келет. Дүйнөлүк кризистер экономикабызга кыйла таасирин тийгизип келет. Каржы тармагыбыз чет элдик валюталарга, өзгөчө АКШ долларына байланган жана өлкө жалпысынан импорттук товарларга көз каранды. Акыркы АКШдагы болгон 2007-жылдагы кризистин кесепеттеринен эми гана арылып баратабыз деп жатканда 2019 жылдын акырында башталган «COVID-19» дүйнөлүк пандемиясы кайрадан экономикабызды солгундатты. Өлкөдөгү баалар деңгээли паниканын жана чек аралардын жабылышынын негизинен артып кетти жана инфляцияга жол ачылды. Өлкөнүн импортко көз карандылыгы ички рыноктогу баалар деңгээлине да таасирин тийгизет, себеби биздин өлкөдөгү инфляциянын структурасынын маанилүү бөлүгү монетардык эмес болгондуктан импорттук товарлардын бааларынын артуусу инфляциондук жагдайды жаратышы мүмкүн. Айрыкча азык-түлүк товарларына болгон баалардын өзгөрүүлөрү чоң ролду ойнойт. Акыркы жылдагы «азык-түлүктүн дефицити болот» паникасы экономикалык жагдайды курчутту десек жаңылышпайбыз.

Өлкөдөгү фискалдык саясаттын инфляцияга таасири да кыйла чоң. Тактап айтканда өлкөдөгү инфляцияны оздуктоодо жалгыз гана акча саясатын колдонуу туура эмес, себеби негизги булагы болуп бюджеттин жетишсиздиги, инвестициянын булактарынын аздыгын жоюу үчүн фискалдык саясатты колдонуу керектиги бар.

Бул макалада инфляцияга таасир этүүчү монетардык эмес факторлорду талдап, бюджеттик жетишсиздиктин негизинен инфляциялык тобокелдиктер жаралаарын карап чыгабыз

## 2. Кыргызстанда инфляцияга таасир этүүчү монетардык эмес факторлор

Өндүрүштүк кубаттуулугу жетишсиз болгон Кыргызстандын экономикасы ачык экендигин эске алганда, дүйнөлүк аренада болуп жаткан ар кандай туруксуздуктар (экономикалык кризис, азык-түлүк жана чийки зат рынокторундагы баа өзгөрүүлөрү) түздөн-түз таасирин тийгизип жатат, бул баалардын кеңири көтөрүлүшү менен мүнөздөлөт. Өз кезегинде, бул негизинен өлкөнүн импортко көз каранды өлкө экендиги менен аныкталат.

Тышкы соода боюнча импорттук операциялар Кыргызстандын соода балансында олуттуу басымдуулук кылат. Ошентип, 2019-жылы импорттун көлөмү 4,99 млрд долларды, экспорт 1,99 түзүп, бул ИДПга карата 59% жана 24%дар менен белгиленди. Ошол эле учурда, тышкы соода жүгүртүмүнүн түзүмүндө экспорттун жана импорттун катышынын ортосундагы чоң диспропорция соода балансынын көрсөткүчтөрүндө чагылдырылган. КР УСКнын 2019-жылдагы маалыматы боюнча, соода балансынын тартыштыгы 3 миллиард доллар деңгээлинде калыптанып, ИДПнын 35,5% ын түздү [8].

Инфляцияга каршы саясатты координациялоонун жолдорун издөөгө арналган ишинде Ковалев экономикада (Кыргызстанбы) импорттун агымынын көбөйүү тенденциясын суроо-талапка байланыштуу инфляцияны пайда кылган тобокелдик факторлору менен байланыштырган. Мындай кырдаал калктын жана ишкердиктин субъекттеринин суроо-талабы ата мекендик товарлардын жана продукциялардын талаптагыдай сапатына жооп бербегенде жана импорттук товарларга карата суроо-талаптын жогорулашында келип чыгууда. Бул өз кезегинде чет өлкөлүк валютага болгон суроо-талаптын анын сунушунан ашып кетишине алып келип, улуттук валютанын наркынын төмөндөшүнө жол ачат жана аны

менен катар импорттолгон өндүрүш факторлорунун баалары өсүп, нарк инфляциясы аркылуу ички керектөө товарлардын бааларын көтөрөт [5, с. 5 ].


Жалпылап айтканда товарлардын импортунун ата-мекендик экономикага олуттуу таасири бар экендиги тастыкталууда. Ошентип, инфляциянын монетардык эмес факторлорунун түзүмү импорттолгон продукцияларга баалардын өсүшүнөн улам, негизинен импорттук инфляция менен чагылдырылган. Импорттун структурасын анализи көрсөткөндөй, анын ичинде мунай зат, жаратылыш газ, дары-дармектер, дан жана андан алынган азыктар сыяктуу заттар басымдуулук кылат.

Краснов инфляциянын монетардык эмес факторлору жөнүндө өз пикирин айтууда, төмөндөгүдөй себептерди келтирген: айыл чарбасына байланыштуу көйгөйлөрдүн болушу, ошондой эле соода жүгүртүүнүн туруктуу терс сальдосу, негизинен, рынокто импортту алмаштыруучу продуктулардын жетишсиздигинен, бул өнөр жайдын экономикалык жактан начар өнүгүшүн билдирет [6].

Өндүрүш факторлорунун, атап айтканда, чийки зат жана капитал рыногундагы салыштырмалуу жогору чыгым импортту алмаштыруучу продуктулардын жетишсиздигине таасирин тийгизип жаткандыгын белгилей кетүү керек. Мындай кырдаал чыгымдардын инфляциясы деп аталат [5, с.6].

Өндүрүш факторлорунун бааларынын өзгөрүүсүн чагылдырган өндүрүүчүлөрдүн бааларынын динамикасын анализдөө көрсөткөндөй, өнөр-жай тармагында баалардын жылдык өсүшү орто эсеп менен 1,5% дан 8% га чейин байкалган (1 сүрөт). Айыл чарбасында баалардын динамикасы жөнүндө айта турган болсок, кырдаал бааларды түзүүнүн кыйла татаал процесси менен белгиленет. Бул жерде же өндүрүштүк чыгымдардын баасынын кескин өсүшү (2014-жылы 21,1% га чейин, 2016-жылы 12,7% га чейин), же баалардын жалпы төмөндөшү (2015-жылы 16% га чейин) байкалат. Булар төмөнкү себептер менен түшүндүрүлөт:

Сүрөт 1. Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси (өткөн мезгилге карата, %)




Булак: КРУБ, Бюллетень, 2019.

Биринчиден, айыл чарбада өндүрүштүк чыгымдардын жалпы кыскарышы рынокто жумушчу күчүнүн салыштырмалуу ашыкча болушунан улам келип чыгышы мүмкүн. Өз кезегинде калыптанган жагдай төмөн деңгээлдеги эмгек акы менен түшүндүрүлөт (КР УСК берилиштери боюнча 2019 жылы айыл чарбадагы эмгек акы болжол менен 10,5 миң сом түзгөн, бул Кыргызстандагы 2019-жылдагы эмгек акынын орточо деңгээлинен (16,2 миң сом) төмөн болуп эсептелинет.

Мындан тышкары, тармакты өнүктүрүүгө багытталган жеңилдетилген насыя берүү шарттары жана мамлекеттин атайын программалары («Айыл чарбасын каржылоо»

Программасы) жеткиликтүү боло баштады. Бирок, берилген жеңилдиктердин тармактардын артыкчылыгына жараша тандалма экендигин белгилөөгө керек. Натыйжада чакан өндүрүүчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү, аларга мүнөздүү насыялардын кайтарылбай калуу тобокелдигинен улам, бул артыкчылыктарды ала алышпайт.

Жалпы баалардын көтөрүлүшү өндүрүштүн түшүмдүүлүгүнө байланыштуу сезондук таасирлердин натыйжасы болушу мүмкүн. Башка, түшүмдүүлүк керектүү техникалык жабдууларды эски болушуна жана үрөндөр менен жер семирткичтердин сапатына да байланыштуу экендигин белгилей кетүү керек. Бул өз кезегинде кошумча каржы булактарын талап кылат.


Белгилей кетчү нерсе, калктын көпчүлүгү айыл жеринде жашагандыгына жана жумушчулардын башка тармактар менен салыштырмалуу чоң бөлүгү (443.2 миң киши же жалпы иштеген калктын санынын 20,3%ы) айыл чарба тармагында эмгектенишкенине карабастан, экономикалык көрсөткүчтөр боюнча анча чоң эмес өзгөрүү динамикасын көрсөтүп турат. Ошентип, тармактын ИДПдагы кошумча наркы 2019 жылы 12,1% түзгөн [8].

Жалпысынан учурда тармакка тийиштүү төмөнкү көйгөйлөрдү белгилөө мүмкүн:

- Квалификациялуу адистердин жетишсиздигинен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү;
- Үрөн материалынын жетишсиз көлөмү (сапаттуу үрөн), бул жыйналып алынган өсүмдүктөрдүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча бардык аракеттерди жокко чыгарат;
- Аз иштетилген продукцияны экспорттоонун басымдуулук кылышы (экспорттун чийки затка багытталышы); натыйжада, өз ресурстарынын азайышы жана даяр продукциянын импортуна көзкарандылыктын күчөшү байкалат;
- Өлкөнүн ишканаларында технологиялык жабдуулардын эскириши жана технологиялык деңгээлинин төмөндүгү (Камалов, 2020:17).

Сүрөт 2де айыл чарба өндүрүшүн чарбалардын категориялары дүң продукциясынын бөлүштүрүүсү боюнча берилген маалыматтарга жараша 2019-жылы жалпы айыл чарба өндүрүшүндө эң чоң үлүшү жеке чарбалар жана дыйкан чарбалар тарабынан чыгарылган. Ошентип, дыйкан чарбаларынын жана жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнүн жалпы өндүрүш көлөмүндөгү үлүшү мал чарбачылыгында 98,9 пайыз жана өсүмдүк өстүрүүчүлүк чарбачылыгында 97,8 пайызды түздү. Бул товардык өндүрүштү чакан масштабдуу бөлүштүрүү көйгөйүнүн болгондугуна жана мындан улам импорттук продукцияны чыгарган ири өндүрүүчүлөргө олуттуу атаандаштыкты камсыз кылуу үчүн алсыз экендигин көрсөтөт.

Сүрөт 2. Фермалык категория боюнча айыл чарба дүң продукциясы (млрд сом)




Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү, 2019.

Өнөр жайда баалардын өсүшүнүн туруктуу мүнөзү көбүнчө Кыргызстандагы чийки заттын кымбаттыгына байланыштуу. Бул негизинен алардын өндүрүштүк объектилердин иштеши үчүн керектүү көлөмдө жетишсиздигинен (күйүүчү-майлоочу материалдардан чыккан продуктулардын импортуна көзкарандылык), ошондой эле өзүбүздүн чийки заттарды кайра иштетүү боюнча технологиялык жабдууларынын өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу. Жана өндүрүш тармагына капиталдык салымдардын жетишсиздиги, биринчи кезекте, насыялардын пайыздык ченинин дагы деле жогору болушуна байланыштуу (кредит боюнча орточо салмактанып алынган чендер 2019-жылга карата 17,5% ды түзөт, жогорудагы 3.2-таблицаны караңыз) жана саясий туруксуздуктун фонунда өлкөнүн төмөн инвестициялык жагымдуулугу. Дүйнөлүк банк тарабынан жарыяланган Doing Business инвестициялык жагымдуулуктун жыл сайынкы глобалдык рейтинги боюнча, Кыргызстан 80-орунда болуп, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн рейтингинин акыркы позициясын ээлейт [3].

1-таблицадан көрүнүп тургандай, чет өлкөлүк түз инвестициялардын агымдарын өндүрүш секторунун тармактык түзүмдөрү боюнча, тактап айтканда, айыл чарбасында жана өнөр жай секторунда бөлүштүрүүсүндө инвестициялардын күчтүү өзгөрүлмөлүүлүгү мүнөздөлөт, өлкөгө келип түшүүчү агымдын көлөмүн азайтуу тенденциясы байкалат

Таблица 1. Реалдуу сектордун тармактары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү (АКШнын миң доллары)

| Көрсөткүчтөрдүн аталыштары | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1,573,243** | **813,960** | **616,793** | **851,743** | **1,076,918** |
| **Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук** | 316.2 | 210.9 | 21.8 | 2,327.6 | 149.1 |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | 14,727.5 | 54,302.3 | 80,995.2 | 91,845.7 | 99,480.9 |
| **Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы)** | 564,715.3 | 251,234.3 | 186,333.7 | 376,441.7 | 340,804.6 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо** | 136,704.8 | 122,246.9 | 79,828.6 | 15,830.6 | 10,595.7 |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо** | - | - | - | 3.8 | 9.7 |
| **Курулуш** | 107,007.6 | 25,385.8 | 3,070.6 | 71,859.5 | 56,015.7 |

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү, 2019.

Ошентип, 2019-жылы айыл чарбасына 149,1 миң доллар көлөмүндө инвестиция келип түшкөн, бул 2015-жылдагы инвестицияларга салыштырмалуу 52,8% га жана 2018-жылга салыштырмалуу 93,6% га аз.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, 2020-жылдын биринчи кварталында өлкөдөн чет өлкөлүк түз инвестициялардын агымы өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,4 эсеге көбөйүп, 413,2 млн долларга жеткен. Чыгымдын агып чыгуу чеги тартылган түз инвестициялардын деңгээлинен 264,9 млн долларга төмөн деңгээлинде калыптанган [9].

Инвестициялык иштин терс сальдосу белгилүү бир деңгээлде келечектеги экономикалык тобокелдиктерди камтыйт. Узак мөөнөттүү инвестициялык өндүрүш долбоорлору жок болгон учурда, Кыргызстандын экономикасы коопсуздук чегин (ИАЦ МГУ) тез арада колдонот. Ошентип, импорттун көзкарандылыгы дагы жогорулоого багыт алат. Азыркы мезгилде түз инвестицияларды тартуу керектүүлүгү талашсыз. Бүгүнкү күндө Кыргызстан жогорку кирешелүү өндүрүштү талап кылат. Мындай бир нече инвестициялык долбоорлор дагы, Кыргызстандын экономикасынын чакан масштабын эске алганда, байкалаарлык мультипликативдик натыйжа берет жана экономикалык өсүшкө оң таасирин тийгизет (ИАЦ МГУ). Өз кезегинде, бул инфляциялык тобокелдиктерди азайтып, тиешелүүлүгүнө жараша,


акча-кредит саясатын катаалдаштырууга дагы бир жолу кысым көрсөтүү зарылчылыгын төмөндөтөт.

Ошентип, өлкөдө инфляциялык процесстерди жөнгө салуу үчүн жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүүгө көңүл буруу керек, бул учурда өлкөнүн реалдуу секторун жана өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралардын комплексин кабыл алуу зарылчылыгы бар.

### 3. Инфляция жана мамлекеттик бюджет

Акчалай эмес инфляциянын пайда болушуна мамлекеттик бюджеттин жөнгө салынышы, тактап айтканда, мамлекеттик чыгымдарды жана кирешелерди маневрлөө таасир бериши эсептелинет. Кыргызстандын мамлекеттик каржы тармагында жүргүзүлүп жаткан реформаларга карабастан, бюджеттин тең салмаксыздыгы олуттуу көйгөй бойдон калууда (сүрөт 3). Кыргызстанда бюджеттик каражаттарды тышкы ресурстардын эсебинен толтуруунун чоң тажрыйбасы бар. Анткени, мамлекеттик чыгымдардын тартыштыгын акча массасын көбөйтүү менен жабуунун сценарийи биздин өлкөдө инфляциянын өсүшүнө алып келет. Бул, негизинен, акча массасынын өзгөрүшүнө карата пайыздык чендердин ийкемсиздигинен (Улуттук банктын таргеттешүүгө багытталган саясатын эске алуу менен), ошондой эле өлкөдөгү саясий жана макроэкономикалык туруксуздуктун кесепетинен рыноктук тобокелдик менен коштолот. Ошондуктан, каржылоонун бул түрү көйгөйлөрдү чечүү жана стратегиялык экономикалык максаттарды ишке ашыруу үчүн колдонулбайт деп эсептелет [2, с. 40].

Сүрөт 3. Бюджет дефицити (млн сом)




Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Бюджеттин тартыштыгынын уланып жатышы инфляциялык тобокелдиктерди алып келет, бул экономикада инфляциялык процесстерди турукташтыруу боюнча аракеттерди татаалдаштырат. Жакынкы бюджеттин тартыштыгы негизинен ири инфраструктуралык долбоорлорду каржылоо муктаждыгынан келип чыкканы менен, бул маселенин маанилүүлүгү бюджеттин тышкы каржылоодон көз карандылыгынын уланып жаткандыгынан байкалат.

Бул мамлекеттик (тышкы) карыздын көбөйүшүнө жана аны тейлөөдө кыйынчылыктарга алып келиши мүмкүн, натыйжада макроэкономикалык туруктуулукка доо кетиши мүмкүн. Эксперттердин прогноздору боюнча тышкы карызды төлөөнүн туу чокусу 2026-2027-жылдарына дал келиши күтүлүүдө. 2018-жылдын башында Россия Федерациясы өлкөнүн 240 млн доллар карызын кечүүгө макул болгон [11, с.9-10]. Учурда КР УСК берилиштери боюнча

өлкөнүн мамлекеттик карызы 4,6 млрд долларды түзөт, анын 3,9 млрд доллары тышкы карыз жана ИДПнын 46 пайызын түзөт.

Негизинен, фискалдык саясатты координациялоодо бюджеттик чыгымдарды жана кирешелерди оптималдуу бөлүштүрүү маселеси орчундуу орун ээлейт. Мунун эске алынбашы инфляциялык кысымга алып келүү коркунучун жаратат.

Өз өзүнчө карап талдап кете турган болсок: 2-таблицада келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, мамлекеттик бюджеттин чыгымдарында негизинен социалдык багыттуулук орун алат. Ошентип, чыгымдардын 81% га жакыны эмгек акы, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, мамлекеттик карыз боюнча пайыздарды төлөө ж.б. сыяктуу операциондук ишмердикти камтыйт.

Таблица 2. Экономикалык классифиция боюнча мамлекеттик бюджеттердин чыгымдары (миң сом)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер | **113,899,213** | **115,775,828** | **134,712,612** | **135,506,394** | **148,254,581** |
| Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер | **113,890,134** | **115,771,519** | **134,707,341** | **135,504,780** | **148,252,955** |
| Салыктык кирешелер | 72,329,532 | 81,485,621 | 91,462,768 | 103,736,913 | 105,929,494 |
| Алынган расмий трансферттер | 9,880,693.9 | 9,877,102.7 | 13,468,100 | 9,216,113.9 | 13,488,730 |
| Салыктан тышкаркы кирешелер | 31,679,907 | 24,337,795 | 27,363,939 | 22,551,753 | 29,066,088 |
| Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше | **9,079.6** | **4,309.6** | **5,271.1** | **1,614.1** | **1,278.0** |
| Чыгымдар | **134,572,220** | **151,558,856** | **166,023,610** | **157,795,987** | **167,843,943** |
| Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар | **105,252,414** | **115,961,042** | **124,910,327** | **129,098,094** | **136,117,860** |
| Жумушчулардын эмгек акысын төлөө | 44,984,407 | 50,856,275 | 53,607,489 | 48,802,636 | 52,046,541 |
| Социалдык фондко төгүмдөр | 6,047,930.9 | 6,844,763.1 | 7,341,515.8 | 6,369,108.9 | 6,811,930.8 |
| Кызматтык сапарларга чыгымдар | 1,064,976.8 | 1,176,681.5 | 1,335,458.3 | 1,404,830.9 | 1,535,368.6 |
| Коммуналдык кызматтар | 4,227,399.9 | 4,136,545.5 | 4,703,425.4 | 4,016,774.0 | 3,794,172.6 |
| Ижарага акы төлөө | 367,019.6 | 447,532.3 | 465,699.8 | 482,376.5 | 480,917.6 |
| Унаа менен тейлөө кызматтары | 1,370,559.3 | 1,298,249.9 | 1,419,861.8 | 1,319,160.4 | 1,359,623.1 |
| Башка тейлөө кызматтарын алуу | 9,954,448.1 | 9,344,577.4 | 9,973,079.3 | 8,970,170.7 | 9,255,893.9 |
| Дары-дармектерди жана медициналык багыттагы буюмдарды алуу | 1,182,043.2 | 1,472,935.9 | 2,459,711.6 | 921,918.3 | 663,734.4 |
| Тамак-аш продуктыларын алуу | 4,199,754.1 | 4,281,447.1 | 4,674,894.4 | 4,281,446.2 | 4,395,805.7 |
| Пайыздар | 4,129,480.4 | 5,153,223.4 | 5,926,126.6 | 7,155,644.8 | 7,786,613.6 |
| Субсидиялар | 3,531,181.5 | 5,062,287.5 | 5,347,733.2 | 4,558,564.8 | 4,408,988.7 |
| Гранттар | 274,675.7 | 502,006.7 | 479,041.1 | 11,081,076 | 11,214,740 |
| Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул | 24,228,498 | 24,388,749 | 25,862,474 | 29,029,725 | 31,480,983 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Башка чыгымдар | 905,450.9 | 995,767.2 | 1,313,816.3 | 704,661.1 | 882,545.4 |
| Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар | **29,319,806** | **35,597,813** | **41,113,283** | **28,697,893** | **31,726,082** |

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Төмөндөгү таблица 3-тө көрүнүп тургандай айлык акынын артуу темпи өндүрүлгөн продуктунун артуу темпинен жогору. Өндүрүш 2015-жылы 1,4% аз, 2016-жылы 1,9%, 2020-жылы каралып жаткан жылдардын арасынан эң жогорку мааниге ээ болуп 10,7% маанисине ээ болгон. Бул рынокто ашыкча акчанын айланууга киргендигин түшүндүрөт, демек, бош акча инфляцияга өбөлгө болот. Ошол эле учурда социалдык төлөмдөрдүн артышы ИДПга мультипликатордук эффектти ташыгандыктан, бул төлөмдөрдүн артышы экономикага оң таасир алып келиши күтүлөт, себеби калктын колунда акча арткан сайын, арткан көлөмдүн көп бөлүгүн чыгымдайт.

Таблица 3. Реалдуу продуктун артуу темпи менен айлык акынын артуу темпи [10]

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Региондук дүң продуктунун (РДП) өсүү (төмөндөө) темпи | 103,9 | 104,3 | 104,7 | 103,8 | 104,6 | 96,6 |
| Айлык акынын өсүү темпи | 105,3 | 106,2 | 105,5 | 104,8 | 104,9 | 107,3 |

Булак: КР УСКнын маалыматтарынын негизинде эсептелди.

Талаптын артышы өндүрүштү стимулдайт. Демек, социалдык төлөмдөрдүн артыш темпине жараша өндүрүштү да арттыруу маанилүү. Жаңы жаралган талаптын импорттук товарлар менен эмес улуттук товарлар менен камсыздоо аркылуу экономиканы өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо керек.

Кызматтык сапарларга чыгымдар, унаа менен тейлөө кызматтары сыяктуу чыгымдар реалдуу экономикага таасир этпейт, бирок мамлекеттик бюджетти ашыкча терс мааниге ээ болуусуна көмөктөшөт, демек бул статьяларды болушунча кыскартуу керек.

Дары-дармектерди жана медициналык багыттагы буюмдарды алуу реалдуу экономикага таасир этпейт, бирок ден-соолугу бекем калк болушу, өлкөнүн өнүгүүсүнө керектеле турган дени сак иш күчүнө ээ болуш үчүн бул түр чыгымдардын болушу маанилүү. Гранттар, субсидиялар жана башка өндүрүшкө берилген жеңилдиктер өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө оң таасир этекендиктен мындай төлөмдөрдү арттыруу маанилүү ролду ойнойт.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү 2021-жылга карата бардык чыгымдарды маанилүүлүгү боюнча бөлүштүрүү керектигин, тез арада каржылоого муктаж болбогон долбоорлор убактылуу токтотулаарын айткан [1]. Ошону менен бирге экономикалык мааниге ээ эмес чыгымдарды токтотуу же кыскартуу да керек.

Өкмөт инфляцияга каршы туруу үчүн ылайыктуу фискалдык саясатты иштеп чыгышы керек. Мамлекеттик чыгымдардын жана кирешелердин көлөмү экономикалык ишмердүүлүк менен белгилүү бир байланышта болот. Жаңы акчалар жүгүртүүгө кирбеши үчүн, мамлекеттик чыгымдарды атайылап кыскартуу керек. Бирок мамлекеттик чыгымдар инфляция талап кылган ийкемдүү өзгөрүүлөргө анчалык сезгич эмес. Тышкы иштерге, ички администрацияга ж.б. чыгымдар менен белгиленген чектөө бар, андан төмөндөө мүмкүн эмес. Ошондуктан, жалпы рыноктук баалардын өсүшүн шарттаган керектөө чыгымдарын кыскартуу үчүн бюджетке киреше бөлүгүн эске алуу жана кирешени көбөйтүүнүн оптималдуу жолдорун кароо зарыл. Ошентип, мамлекеттик бюджетти оптималдаштыруу аркылуу мамлекеттик чыгымдар жана кирешелер жөнгө салынбаган жеке чыгымдарга каршы туруу куралы катары колдонулушу мүмкүн [12].

**Корутунду**

- Тышкы соодасында импорттук операциялар Кыргызстандын соода балансында олуттуу басымдуулук кылат. Инфляциянын монетардык эмес факторлорунун түзүмү импорттолгон продукцияларга баалардын өсүшүнөн улам, негизинен импорттук инфляция менен чагылдырылат.
- Өнөр жайда баалардын өсүшүнүн туруктуу мүнөзү көбүнчө Кыргызстандагы чийки заттын кымбаттыгына байланыштуу. Мындай кырдаал чыгымдардын инфляциясы деп аталат.
- Инвестициялык иштин терс сальдосу белгилүү бир деңгээлде келечектеги экономикалык тобокелдиктерди камтыйт. Өлкөгө инвестицины тартуу жолу менен чийки заттын ордуна даяр продукцияны экспорттоо максатында өндүрүштү өнүктүрүү маанилүү. Бул үчүн инвестиция үчүн жагымдуу экономикалык жана туруктуу политикалык жагдайды түзүү керек.
- Акчалай эмес инфляциянын пайда болушуна мамлекеттик бюджеттин жөнгө салынышы, мамлекеттик чыгымдарды жана кирешелерди маневрлөө таасир бериши эсептелинет
- Фискалдык саясатты координациялоодо бюджеттик чыгымдарды жана кирешелерди оптималдуу бөлүштүрүү маселеси орчундуу орун ээлейт. Мунун эске алынбашы инфляциялык кысымга алып келүү коркунучун жаратат.
- Айлык акынын артуу темпи өндүрүлгөн продуктунун артуу темпинен жогору. Бул рынокто ашыкча акчанын айланууга киргендигин түшүндүрөт, демек, бош акча инфляцияга өбөлгө болот
- Кызматтык сапарларга чыгымдар, унаа менен тейлөө кызматтары сыяктуу чыгымдар реалдуу экономикага таасир этпейт, бирок мамлекеттик бюджетти ашыкча терс мааниге ээ болуусуна көмөктөшөт, демек бул статьяларды болушунча кыскартуу керек.
- Мамлекеттик бюджеттин чыгымдарында негизинен социалдык багыттуулук орун алат. Социалдык төлөмдөрдүн артышы ИДПга мультипликатордук эффектти ташыгандыктан, бул төлөмдөрдүн артышы экономикага оң таасир алып келиши күтүлөт. Демек, социалдык төлөмдөрдүн артыш темпине жараша өндүрүштү да арттыруу маанилүү.
- Жаңы жаралган талаптын импорттук товарлар менен эмес улуттук товарлар менен камсыздоо аркылуу экономиканы өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо керек.

Колдонулган адабияттар


1. «Азаттык» үналгысы. – Режим доступа: https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_byudjet_ekonomiya/
2. Атабаев, Н. У., Атабаева, Г. К. Влияние дефицитов государственного бюджета и торгового баланса на экономику Кыргызской Республики // Сибирский торгово-экономический журнал. – 2016. – №1 (22). – С. 40.
3. ИАЦ МГУнун расмий интернет баракчасы. – Режим доступа: https://ia-centr.ru/publications/investory-ne-doveryayut-kyrgyzstanu-i-eto-nuzhno-menyat/
4. Тышкы соода. – Бишкек: КР УСК, 2019.
5. Ковалев, М. М. Антиинфляционная политика для Республики Беларусь. – 2000. – С. 5.
6. Краснов, А. Ю. Немонетарная инфляция в Кыргызстане: факторы и пути преодоления // Вестник КРСУ. – 2009. – Том 9, № 9.
7. Ковалев, М. М. Антиинфляционная политика для Республики Беларусь. – 2000. – С. 6.
8. Тышкы соода. – Бишкек: КР УСК, 2019.
9. Тышкы соода. – Бишкек: КР УСК, 2020.
10. Тышкы соода. – Бишкек: КР УСК, 2021.
11. Jenish, N. Macroeconomic Policy Frameworks and Technological Development: Case studies of Kyrgyzstan, Tajikistan and Afghanistan, University of Central Asia, 2019, p. 9-10.
12. Syed Munir Husain. Anti-inflation policy: University Lecturer in Economics. – 1952. – C.17.
13. Режим доступа: https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_byudjet_ekonomiya/ «Азаттык» үналгысы.